| | |
|---|---|
| | **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**<br><br>**М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ** |
| | **САПАТТУУ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ** |
| | **DP- 05.11** |

ОшТУнун Окумуштуулар
кеңешинин 2023-жылдын
28-апрелиндеги
№ 6 протоколу менен
КАБЫЛ АЛЫНДЫ

БЕКИТЕМ
ОшТУнун ректору
Ж.Ж.Турсунбаев

# М.М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАШ ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Ош – 2023**

| | |
|---|---|
| | **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**<br><br>**М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ** |
| | **САПАТТУУ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ** |
| | **DP- 05.11** |

**ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ БАРАГЫ**

| ЛНА нуска № | Өзгөртүлгөн бөлүм/пункт (бети менен) | Окумуштуулар кеңешинин протоколу №, датасы |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

Жаш илимпоздор иш алып барууда колдонуу үчүн

М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин жаш окумуштуулар кеңеши жөнүндө жобо – Ош: ОшТУ, 2023. – 6 б.

Түзгөндөр: Шабданов М.Д., Сатыбалдыев А.Б., Атакулова М.А., Болушев Э.М., Азимова А., Кошмамат у.К.

Ош ТУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан жактырылган жана басмага сунушталган (протокол № 6, 28- апрель, 2023-жыл)

Ош ТУнун жаш окумуштуулар кеңешинин ишин жетектөө үчүн иштелип чыккан.

## Мазмуну


1. Жалпы жоболор
2. Максаты
3. Уюштуруу иштери
4. Функциялары
5. Укуктары
6. Жоопкерчиликтери

## М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин жаш окумуштуулар кеңеши жөнүндө жобо

### Кириш сөз

М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин жаш окумуштууларынын илимге болгон кызыгуусун арттыруу, туура багыт көрсөтүү жана аларга илим боюнча ар кандай консультацияларды берүү максатында Ош ТУда жаш окумуштуулар кеңеши түзүлөт.

Жаштардын кесиптик илимге болгон кызыгуусунун өсүшүнө көмөктөшөт. Жаш окумуштуулар кеңешине Ош ТУнун 45 жашка чейинки жаш илимпоздору: аспиранттар, докторанттар, магистранттар, изденүүчүлөр жана студенттер мүчө боло алышат. Бул кеңештин ишине жетекчиликти Ош ТУнун Илим, инновация жана кошумча билим берүү бөлүмүнүн координациясы менен кеңештин төрагасы жана президиуму жүзөгө ашырат.

### 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Бул жобо “Жаш окумуштуулар кеңеши жөнүндө”. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022- жылдын 30-ноябрында №2951/1 буйругу менен бекитилген Жаш окумуштуулардын жогорку кеңеши жөнүндөгү жобонун негизинде, Академик М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин уставына ылайык иштелип чыгылды.

1.2. М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин (мындан ары ОшТУ) илим, инновация жана кошумча билим берүү бөлүмүнүн алдындагы жаш окумуштуулар кеңеши (мындан ары ЖОК) жаш илимпоздор менен адистердин кесиптик өсүшүнө өбөлгө түзгөн туруктуу иштей турган коллегиялык кеңеш берүүчү орган болуп саналат.

1.3. ЖОК ОшТУнун жаш окумуштууларынын кызыкчылыгын коргогон, илим-билим берүү чөйрөсүндө жаштар саясатын өнүктүрүү боюнча функцияларды аткаруу менен бирге окутуучулардын тажрыйбаларын бөлүшүү максатында түзүлөт.

1.4. ЖОКтун иши ыктыярдуулук, бардык мүчөлөрүнүн тең укуктуулугу, өзүн-өзү башкаруу, мыйзамдуулук жана ачыктык принциптеринде жүзөгө ашырылат. ЖОК өзүнүн аталышындагы бланкка, ошондой эле символикага: эмблемага жана логотипке ээ болот.

1.5. ЖОКтун ишине жетекчиликти ОшТУнун Илим, инновация жана кошумча билим берүү (мындан ары ИИжКББ) бөлүмүнүн координациясы менен кеңештин төрагасы жана президиуму жүзөгө ашырат.

1.6. Университеттин веб-сайтында “Наука” бөлүгүндө ОшТУнун ИИжКББ бөлүмү алдында түзүлгөн жаш окумуштуулар кеңеши жөнүндө маалыматтары жүктөлөт.

### 2. МАКСАТЫ:

2.1. Жаштардын кесиптик илимге болгон кызыгуусунун өсүшүнө көмөктөшүү, ошондой эле жаштардын илимий демилгелерин өркүндөтүү жана университетте жаш илимий жана кесипкөй кадрларды уюштуруу, бириктирүү.

2.2. Университеттин жаш изилдөөчүлөрү эксперттердин ортосунда билим, тажрыйба көрсөтүү.

2.3. Жаш окумуштууларга жана университеттин адистерине илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, илимдин жана илимий билимдин акыркы жетишкендиктерин жайылтууда көмөк көрсөтүү.

2.4. Жаш окумуштуулардын илимий чыгармачылыгын өнүктүрүү жана колдоо жаатында аймактарда, республикада жана чет өлкөлөрдө өткөрүлгөн илимий конференцияларга, симпозиумдарга, көргөзмөлөргө жана тематикалык жолугушууларга катышууга мүмкүнчүлүк түзүү.

2.5. Жаш окутуучуларга кесиптик жалпы билим берүү иш-аракеттерин адаптациялоого жардам берүү.

2.6. Жаш окумуштуулардын кызыкчылыгын колдонуудагы мыйзамга каршы келбеген финансылык ресурстарды кошумча изилдөө жана башка иш-чараларды жүргүзүү.

2.7. ОшТУнун илимий жана билим берүүдөгү иш-чараларын уюштуруу.

## 3. УЮШТУРУУ ИШТЕРИ

3.1. ЖОКко ОшТУнун 45 жашка чейинки жаш илимпоздору: аспиранттар, докторанттар, магистранттар, изденүүчүлөр жана студенттер мүчө болуп кире алышат.

3.2. ЖОКтун башкаруу органы болуп төрага, төраганын орун басары, гуманитардык, табигый, техникалык жана технологиялык бөлүмдүн жетекчилери эсептелет.

3.3. ЖОКтун жетекчилиги коомдук башталышта иш алып барышат.

3.4. ЖОКтун төрагасы, орун басары жана бөлүм башчылары жалпы жыйында ачык же жабык добуш берүү менен шайланат. ЖОКтун биринчи жыйынын ИИжКББ бөлүмү алып барат.

3.5. ЖОКтун башкаруу органы болуп президиум эсептелет. Президиумга төмөндөгү курам кирет:

Төрага, төраганын орун басары, гуманитардык, табигый, техникалык жана технологиялык бөлүмдүн жетекчилери, жалпы 5 адамдан турат. Президиумга ЖОКтун төрагасы жетекчилик кылат.

3.6. Ушул жободо каралбаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө байланыштуу башка маселелер илимий изилдөөлөрдүн тиешелүү жетекчилери менен биргеликте чечилет.

3.7. ЖОКтун мүчөлөрү менен жалпы жыйын жылына 1 жолу чогулуп, жетекчиликтин отчеттору угулат жана иш пландары бекитилет. ЖОКтун жалпы чогулушунун чечимдери көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

3.8. ЖОК жөнүндө жобону кабыл алуу, өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жыйынга катышкан адамдардын кеминде ¾ добушу менен кабыл алынып, ОшТУнун Окумуштуулар Кеңешине сунушталат.

## 4. ФУНКЦИЯЛАРЫ

4.1. Жаш илимпоздорду илимий ишмердүүлүккө тартуунун жаңы формаларын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууну жүзөгө ашыруу.

4.2. ОшТУнун жаш илимпоздорунун дисциплиналар аралык илимий-изилдөө иштерин колдоо, биргелешкен долбоорлорду, илимий конференцияларды, тегерек столдорду, семинарларды, конкурстарды, көргөзмөлөрдү жана жаш окумуштуулардын, аспиранттардын жана студенттердин интеграцияланышына өбөлгө түзгөн иш-чараларды уюштуруу. Алынган илимий жыйынтыктарын ОшТУнун "Известия ОшТУ" илимий журналынын тиркемеси катары бекер басып чыгаруу каралат.

4.3. Жаш илимпоздорду илимий конференцияларга, семинарларга, гранттар боюнча долбоорлорго, аймактык, республикалык жана эл аралык олимпиадаларга катышууга тартуу.

4.4. Жаш илимпоздорго гранттык долбоорлор боюнча колдоо көрсөткөн конференциялар, семинарлар, фонддор жөнүндө маалыматтарды жайылтууга көмөктөшүү.

## 5. УКУКТАРЫ

5.1. ЖОКтун курамы тиешелүү жүргүзүлүп жаткан бардык иш-чараларга катышууга.

5.2. ЖОКтун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарды киргизүүгө.

5.3. ОшТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнөн ЖОКтун ишине байланыштуу маалымдама маалыматтарды жана башка керектүү материалдарды сурап алууга.

5.4. ОшТУдагы жаш илимпоздордун көйгөйлөрүнө тиешелүү документтерди жана материалдарды экспертизадан өткөрүүгө, баалоого жана даярдоого катышууга.

5.5. SCOPUS, Web of Science басылмаларына макала чыгарууда университеттен каржылык колдоо алууга.

5.6. ОшТУнун ИИжКББ бөлүмүнө айрым жаш илимпоздорду илимий ишиндеги ийгиликтери үчүн, жеке стипендияга көрсөтүүгө колдоо сунуштарын киргизүүгө.

## 6. ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

6.1. Берилген эрежелерди сактоого жана ушул жободо аныкталган ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган ЖОКтун чечимдерин ишке ашырууга.

6.2. ЖОКтун компетенциясына байланыштуу кандай гана иш-аракеттер болбосун, ЖОКтун чечимдерин так сактоого.

6.3. ЖОКтун ишинин алкагында ага жүктөлгөн милдеттерге жана жоопкерчиликке ылайык жүргүзүү.

6.4. Жаш илимпоздордун көйгөйлөрүнө жана ЖОКтун ишине тиешелүү бардык маселелер боюнча сунуштарды, документтеринин долбоорлорун жана ЖОКтун маалыматтык-аналитикалык материалдарын даярдоо.

6.5. ОшТУнун жаш илимпоздорунун илимий ишмердүүлүгүндөгү көйгөйлөргө тиешелүү документтерди даярдоого катышуу.

6.6. Университеттин Уставынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде илимий-изилдөө иштерин уюштуруу жана өткөрүү жаатында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү.

6.7. ЖОКтун мойнуна алган милдеттенмелердин чегинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, изилдөөлөрдүн натыйжаларынын купуялуулугун сактоо.